Бекитемин
Мектеп директору: А.Бостонкулова

## Апелляцияларды берүү жана кароонун жалпы эрежелери

1. Кирүү жана аттестациялык сынактардын жыйынтыктары боюнча окуучу апелляциялык комиссияга, анын оюу боюнча, сынакты өткөрүүнүн белгиленген тартиптеги эрежелердин бузулушу жана/же анын жыйынтыктары менен макул эместиги (мындан ары – апелляция) тууралуу жазуу жүзүндө апелляциялык арыз берүүгө укуктуу.

2. Жазуу сынагын жүргүзгөн учурда окуучу мектеп тарабынан белгиленген тартипте өз иши менен таанышып чыга алат.

3. Апелляцияны кароо сынакты кайра тапшыруу болуп саналбайт. Апелляцияны кароонун жүрүшүндө кирүү сынагын тапшыруунун жыйынтык баасынын тууралыгы гана текшерилет.

4. Апелляция жеке окуучу тарабынан сынак боюнча бааны жарыялагандан кийинки күнү берилет. Кабыл алуу комиссиясы апелляцияларды кабыл алууну иш күн аралыгында камсыздайт.

5. Даттанууну кароо учурунда окуучу катышууга укуктуу.

6 .Жашы толо элек 18 жашка чейинки окуучу менен чогуу ата-энесинин бири же мыйзамга ылайык жашы жеткенге чейин толук аракетке жөндөмдүү деп табылган жашы жетпегендерден башка мыйзамдуу өкүлдөрү катышууга укуктуу.

7. Аппеляция каралгандан кийин сынак боюнча аппеляциялык комиссиянын чечими чыгарылат.

8. Аппеляциялык комиссияда карама-каршы пикирлер жаралган учурда добушка берүү жүргүзүлөт жана чечим көпчүлүк добуш менен бекитилет. Аппеляция комиссиясынын чечими жөнүндөгү протокол окууга жазуу жүзүндө берилет (кол койдуруу менен).